| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын
ТОКТОМУ № 5-15-5

23-декабрь 2022-ж — Кызыл-Жылдыз айылы

**“ Кызыл-Жылдыз айыл аймагын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо эрежелери” жергиликтүү маанидеги маселени чечүү боюнча функциялардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн/иштердин, милдеттердин тизмесин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык, Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын жергиликтүү маанидеги маселени чечүү үчүн көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо чаралары жөнүндөгү сунушу боюнча Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. Кызыл-Жылдыз айыл өкмөтүнүн жергиликтүү маанидеги “тиричилик таштандыларын чогултууну, ташып чыгарууну жана чыгарууну уюштуруу” маселесин чечүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн/иштердин, функциялардын жана милдеттердин тизмеси 1-тиркемеге жана Кызыл-Жылдыз айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 20-декабрындагы №71 буйргунун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.
2. Кызыл-Жылдыз айыл өкмөтүнүн башчысы бекитилген функцияларды аткаруу, тейлөөнү уюштуруу жана милдеттерди аткарууга тиешелүү бул токтомдун аткарылышын камсыз кылсын.
3. Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңеши 2022-жылдын 23-декабрындагы №5-15-5 токтому Нарын облустук юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл кеңешинин экономика маселелери боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына тапшырылсын.

Төрага — **Жолдошбек уулу Жоодар**